Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин 2019-жылдын 22-мартындагы №304/1 буйругу менен бекитилген.

# Кыргыз Республикасынын бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө

## Ж О Б О С У

1. 9-11-класстарда бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жазуу, комплекстүү тесттер жана оозеки тариздеринде жүргүзүлөт
2. Окуу жылынын аякташы жана бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоо аттестациясы төмөнкү тартипте өткөрүлөт.
3. Жалпы билим берүүчү уюмдарда окуу жылы 9-июнда аяктайт.ЖМА 11-июндан 23-июнга чейин өткөрүлөт.
4. 9-класстын бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоо аттестациясына :
   * Математикадан(алгебрадан) (комплекстүү тест түрүндө) узактыгы төрт астрономиялык саат.
   * Кыргыз тили жана адабияты (дилбаяндын элементтери менен баяндама) узактыгы төрт астрономиялык саат.
   * Орус тили (комплекстүү жазуу тести)
   * Кыргызстандын тарыхы (оозеки)
   * География тандоо (оозеки)

   11-класстын бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоо аттестациясына :
   * Кыргыз тили жана адабияты (эссе) узактыгы беш астрономиялык саат.
   * Математика (алгебра жана талдоонун башталышы)(жазуу) беш астрон саат.
   * Орус тили (комплекстүү жазуу тести)
   * Кыргызстандын тарыхы (оозеки)
   * Биология тандоо (оозеки)
   * География тандоо (оозеки)
5. Жалпы билим берүүчү уюмдарда жыйынтыктоочу аттестация эртең мененки саат 9-00 до башталат.
6. Жыйынтыктоочу аттестациядан канааттандыраарлык эмес баа алган бүтүрүүчүлөргө ошол сабак боюнча кайрадан кайталануучу жыйынтыктоочу аттестациясын тапшырууга уруксаат берилет.
7. Бардык сабактардан жылдык канааттандыраарлык баалары бар окуучулар төмөнкү учурларда жыйынтыктоочу аттестациядан:
   -саламаттыгына байланыштуу КР тийиштүү ченемдик укуктук актыларынын негизинде.
   - жыйынтыктоочу аттестация учурунда ооруп калган же жөнү бар себептер менен катышпай калган бүтүрүүчүгө өткөрбөй калган сыноолорду жыйынтыктоочу аттестация бүткөндөн кийин беш күн ичинде тапшырууга педагогикалык кеңештин чечиминин негизинде директордун буйругу менен мүмкүндүк берилет.
8. Оозеки жооп берүүгө даярдануу үчүн бүтүрүүчүгө 15-20 мүнөт убакыт берилет.